DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



***ЖУРНАЛИСТИКА***
***ЖУРНАЛИСТИКА***
***JOURNALISM***

***Дуйшекеева А.Т., Кырбаш кызы А.***

# УЛУТТУК ТЕЛЕРАДИОБЕРҮҮ КОРПОРАЦИЯСЫНЫН КЕНИРИ ФОРМАТТАГЫ РАДИОУКТУРУУЛАРЫН БАШКАРУУНУ ЖАНА СТРУКТУРАНЫ ӨРКҮНДӨТҮҮ КОНТЕКСТИНДЕ

***Дуйшекеева А.Т., Кырбаш кызы А.***

# ШИРОКОФОРМАТНОЕ РАДИОВЕЩАНИЕ НАЦИОНАЛЬНОЙ ТЕЛЕРАДИОВЕЩАТЕЛЬНОЙ КОРПОРАЦИИ В КОНТЕКСТЕ СОВЕРШЕНСТВОВАНИЯ УПРАВЛЕНИЯ И СТРУКТУРЫ

***A. Duishekeeva, Kyrbash kyzy A.***

# LARGE-FORMAT RADIO BROADCASTING OF THE NATIONAL BROADCASTING CORPORATION IN THE CONTEXT OF IMPROVING MANAGEMENT AND STRUCTURE

*УДК: 654.164 (575.2) (04)*

*Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадиоберүү корпорациясынын радиоуктуруулары бул уюмдун негизделишинин башатында туруп, берүүлөрдү башкаруунун жана структуралык өнүгүүнүн бир кылымга жакын мезгилин камтыган тарыхый этаптарды басып өттү. 1931-жылы республиканын байланыш башкармасынын алдында республикалык радиокомитет түзүлүп, курамындагы үч сектор менен иши баштаган. Эң алгачкы структуралык түзүлүшүндө эле саясий, коомдук, көркөм, илим, техникалык сыяктуу кенири тематикадагы уктурууларды даярдоо камтылган. Кийинки жылдары жогорку партиялык жана советтик башкаруу уюмдарынын жетекчилигинде ишмердүүлүгүн өркүндөтүлүп, иделогиялык, пропагандисттик, агартуучулук, маданий багыттагы уктурууларды элге жеткирип турган. Радиоуктурууларды даярдоо тажрыйба топтоо менен даректик жана тематикалык принципте башкы редакциялар түзүлгөн. Эгемендиктин алгачкы жылдары структуралык кайра куруу процессинде башкы редакциялардын ордуна чыгармачылык өндүрүштүк бирикмелер пайда болгон. Учурда УТРКнын курамындагы «Биринчи радио», «Кыргыз радиосу», «Миң Кыял-FM» түрдүү форматтагы уктурууларды тартуулап келет.*

***Негизги сөздөр:*** *телерадиоберүүлөр, радиоуктуруулар, радиокомитет, башкы редакция, башкаруу структурасы, формат, өндүрүштүк бирикмелер.*

*Радиовещание Национальной телерадиовещательной корпорации Кыргызской Республики стояло у истоков становления этой организации и прошел непростые исторические этапы совершенствования управления и структурного развития вещания. В 1931 году при управлении связи республики был создан республиканский радиокомитет, который начал свою деятельность с тремя секторами. Самая первая структурная организация радио включала в себя подготовку по широкому кругу тем, как политические социальные, художественные, научные и технические. В последующие годы под руководством высших партийных и советских государственных органов управления Кыргызское радио доводило до массы идеологические, пропагандистские, просветительские и культурные передачи. На основе накопленного опыта по принципу адресно-тематического вещания формируются главные редакции Кыргызского радио. В первые годы независимости в целях совершенствования структуры вместо главных редакций создаются творческие - производственные объединения, а затем самостоятельные радиостанции. В настоящее время «Биринчи радио», «Кыргыз радиосу», «Миң Кыял-FM», входящие в структуру НТРК, вещают в различных форматах.*

***Ключевые слова:*** *телерадиовещание, радиовещание, радиокомитет, главная редакция, структура управления, формат, производственные объединения.*

*Radio broadcasting of the National Television and Radio Broadcasting Corporation of the Kyrgyz Republic stood at the origins of the formation of this organization. It has gone through difficult historical stages of improving the management and structural development of broadcasting. In 1931, under the communications department of the republic, a republican radio committee was created, which began its activities with three sectors. The very first structural organization of radio included training on a wide range of topics, such as political, social, artistic, scientific and technical. In subsequent years, under the leadership of the highest party and Soviet state governing bodies, Kyrgyz Radio brought ideological, propaganda, educational and cultural programs to the masses. Based on the accumulated experience, the main editorial offices of the Kyrgyz Radio are formed on the principle of targeted thematic broadcasting. In the first years of independence, in order to improve the structure, creative production associations were created instead of the main editorial offices, and then independent radio stations. Currently, "Birinchi Radio", "Kyrgyz Radio", "Min-Kyal-FM", which are part of the National Broadcasting Corporation structure, broadcast in various formats.*

***Key words:*** *broadcasting, radio broadcasting, radio committee, main editorial office, management structure, format, production associations.*

УТРКнын радиоуктурууларын башкаруу жана структуралык өнүгүүнүн тарыхый контекстинен алып карасак, бир кылымга жакын мезгилди камтыган этаптарды басып өткөндүгүн көрөбүз. Кыргызстанда 1931-жылдын 19-октябрында байланыш башкармасына караштуу республикалык радиокомтет түзүлгөн. Радиокомитеттин 10 адамдан турган курамына большевиктер партиясынын, комсомол уюмунун област-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



тык комитеттеринин, ошондой эле байланыш башкармасы, кыргыз кесипчилер союздары, эл агартуу комиссариаты, керек жарак союзу, жарды-жалчы уюмдарынын бобордук комитети, аскер эл комиссариаты сыяктуу уюмдардын өкүлдөрү кирген. Ал эми Сүйүнтбек Бектурсунов республикалык радиокомитеттин биринчи төрагасы болуп борбордук аткаруу комитетинин атайын токтомдун негизинде дайындалган [1, 26-б.].

Радиокомитеттин ишмердүүлүгүн ишке ашыруу төмөнкү үч секторго жүктөлгөн. Алар радиоберүүлөрдүн партиялык, советтик жана профсоюздук сектору, көркөм-саясий, илимий-үгүт жана техникалык үгүт боюнча сектору, акча каражат, пландаштырууга жетекчилик жана кадрларды даярдоо сектору [2, 11-б.]. Эң алгачкы структуралык түзүлүшүнөн эле көрүп тургандай Кыргыз радиосу саясий, коомдук, көркөм, илим, техникалык сыяктуу кеңири тематикадагы уктурууларды даярдоого багытталгандыгын байкайбыз.

Радио ишинин байланыш башкармасынын карамагында болгону радиону практика жүзүндө өнүктүрүүдө көп кыйынчылыктарды жараткандыктан, республикалык радиокомитетти Республиканын Борбордук аткаруу комитетинин карамагына өткөрүү боюнча чечим 1932-жылдын 9-майында кабыл алынган. Радио ал учурда партиянын идеологиясын жана совет бийлигинин чечимдерин калың элге ыкчам жана таасирдүү жеткирип, жайылтып турган таасирдүү маалымат каражаты катарында кызмат кылган. Бирок радиодон кыргыз тилиндеги уктуруулар аз көлөмдө болгон. Уктуруулардын туруктуу «торчосу» да болгон эмес. Бул учурда Орто Азиялык экономикалык кеңеш да өзүнүн отурумунда бул кемчиликтерге көңүл бөлүп, көркөм уктуруулардын жетишсиздигин белгилеген. Партиянын Фрунзе шаардык комитети да 1932-жылдын 22-декабрында радиоуктурууларды кайра куруу боюнча токтомду кабыл алат. Бул токтомдун негизинде «Фрунзелик жумушчу» радиогезити жоюлуп, саясий уктуруулар бериле баштайт. Уктурууларды кайра куруунун максаты адабияттык көркөм уктуруулардын көлөмүн көбөйтүү менен эмгекчилерге социалисттик тарбия берүү жана коюлган башкы максаттардын айланасында элди баш коштуруу жана уюштуруу болгон [2, 14-б.].

Республикада радио ишин өркүндөтүү максатында кийинки мезгилдери бир топ аракеттер жүзөгө ашырылган. Айталы радиоуктуруу ишин уюштуруу жана жетектөө 1933-жылы апрелде Кыргыз АССРнин эл комиссарлар советине тапшырылат. Мунун натыйжасында радиоточкаларды кенири жайылтуу иштиктүүлүк менен жүргүзүлө баштайт. Айрыкча борбордон алыскы аймактарга радиону жеткирүү иши 1935-жылдан тартып жигердүүлүк менен колго алынган. Кенири тармакта уктуруучу Фрунзе радиостанциясы да 1936-жылы пайдаланууга берилет.

Кыргыз радиосу согуш жылдарында Москванын программаларын, Советтик маалымат бюросунун билдирүүлөрүн, партиянын жана өкмөттүн токтомдорун, партиялык жана советтик жетекчилердин сөздөрү, «Правда» газетасынын баш макаласы, «Акыркы кабарлар» берилген [3, 116-б.].

Кыргыз радиосу даярдаган кабарлардын мазмуну республикага эшалондор менен алынып келинген жабдуулар, көчүрүлүп келинген ишканаларды кыска убакыттын ичинде ишке киргизилиши, тылдагы эмгекчилердин кужурмөн эмгегин камтыган. Согуш учурундагы уктуруулар жөнүндө Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, ардагер Аркадий Битюков мындайча баяндайт: «Использовались все виды, жанры и формы радиопередач. В эфире звучали «Письма с фронта» и «Письма на фронт», голоса вернувшихся с войны раненных солдат и «не приглаженные монтажом» слова стахановцев, руководящих партийных и советских работников, взволнованные выступления поэтов, писателей, профессиональных и самодеятельных акынов и певцов» [4, 42-б.].

Согуштан кийин 1946-жылдын март айында СССР Жогорку Совети «СССРдин эл чарбасын 1946-1950-жылдары калыбына келтирүү жана өнүктүрүү боюнча беш жылдык план жөнүндө» мыйзам кабыл алып, анда көптөгөн маанилүү маселелер менен катар эле мындан ары радио жана телекөрсөтүүнү өнүктүрүүнүн милдеттери да белгиленген [5].

Бул директивалык документти ишке ашыруу максатында Кыргызстанда да бир топ иш чаралар белгиленген. 1946-жылдын 28-мартында Кыргыз ССРнин Министрлер Советинин алдындагы радиолоштуруу жана радиоуктуруу комитети болуп кайрадан түзүлгөн. Республикалык комитетте - 91, райондордун редакцияларында 113 киши эмгектенген [6, 68-б.].

Бул мезгилде республикалык радиокомитеттин алдында симфониялык оркестр, хор жана эл аспаптар оркестри иштеген. 1947-жылы радиоуктуруулардын жалпы суткалык көлөмү 8 сааттан ашып, 4 сааттан ашыгыраак убакыт жергиликтүү уктурууларга берилген. Бул негизинен **саясий жана көркөм уктуруулар болгон.**

**1949-жылдын август айында** каралган Кыргыз Республикасынын Министрлер Советинин алдындагы **радиомаалымат комитетинин структурасы жана штаттык расписаниеси** боюнча архивдик документке таянсак, радиокомитет төмөнкү **структурадан** турган: радиокомитеттин башында төрага турган жана аны эки орун басары болгон. Апараттын өзүнүн канцеляриясы болгон. **Саясий уктуруулардын башкы редакциясына** пропаганда редакциясы жана “Акыркы кабарлардын” редакциясы кирген. **Музыкалык уктуруулардын башкы редакциясынын** кура-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



мында совет, орус жана батыш европалык классикалык музыка редакциясы, СССР элдеринин музыкасынын редакциясы болгон. Ал эми **адабий драмалык уктуруулардын башкы редакциясы** советтик жана классикалык адабияттын, сындын жана библиография редакциясы, театралдык постановкалар редакциясынан турган. **Балдар жана өспүрүмдөр үчүн уктуруулардын башкы редакциясында** "Пионерская зорька" жана мектеп турмушу редакциясы жана балдар үчүн музыкалык адабий уктуруулардын редакциясы иштеген. Мындан тышкары эфирге чыгаруу жана программалар, үн жазуу жана репортаждар, жергиликтүү уктуруулар бөлүмдөрү болгон [7, 16-18-бб.]. Ошентип башкы редакциялар уктуруунун багыттары боюнча түзүлгөн. Бул багыттар тематикалык жана аудиториянын даректик белгилери боюнча аныкталган.

1990-жылдардын башында республикадагы телерадиоберүү системасын андан ары өркүндөтүү максатында бир нече токтомдор жана указдар кабыл алынган. Өлкөбүздүн эгемендүүлүгү жарыяланган учурга жакын 1991-жылы Президенттин указы менен Кыргыз ССРнин Мамлекеттик телерадиокомитетинин базасында Мамлекеттик телерадиокомпаниясы түзүлгөн [8]. Ал эми СССР кыйрап, Кыргызстан өзүнүн эгенмендүүлүгүн жарыялагандан кийин, 1992-жылдын апрель айында компания Кыргызстан Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик телерадиоагентствосу болуп кайрадан түзүлөт [9]. 1993-жылдын март айында Президенттин Указы менен МУТРК – Мамлекеттик улуттук телерадиокомпаниясы макамына ээ болот [10]. Республиканын мамлекеттик радиоуюмунун макамынын жогорулашы эгемендүүлүк алган алгачкы жылдары анын зор тарыхый миссиясына олуттуу көңүл бурулгандыгын далилдейт. Бул жылдары кыргыз радиосунда совет мезгилинде калыптанган структуралык принциптеринин негизинде **маалыматтык программалар, социалдык-экономкалык программалар, адабий-драмалык программалар, музыкалык программалар, жаштар программасы, балдар үчүн программалар бөлүмдөрү** иштеген.

Ал эми 1998-жылы МУТРК аталышы кайрадан өзгөрүп, Мамлекеттик телерадиоберүү корпорацияга айланган [11]. Ошол эле учурда Мамлекеттик телерадиоберүү корпорациясында ички структуралык кайра куруу аракеттери жүргөн. Жогоруда аталган **бөлүмдөрүнүн ордуна чыгармачылык өндүрүштүк бирикмелер** (ЧӨБ)түзүлгөн:

ЧӨБ «Кабарлар» - маалыматтык уктуруулар;

ЧӨБ «Кыргызстан» - коомдук-саясий жана социалдык экономикалык багыттагы уктуруулар;

ЧӨБ «Ибарат» - музыкалык уктуруулар;

ЧӨБ «Казына» - көркөм уктуруулар;

ЧӨБ «Жаш толкун» - балдар жана жаштарга багытталган уктуруулар;

ЧӨБ «XXI кылым радиосу» - 2 программа [12, 200-б.].

Ошондой эле башкы редакторлордун ордуна чыгармачылык өндүрүштүк бирикмелердин ишин жетектеген продюсерлер институту пайда болот. Дикторлор бөлүмү жоюлуп, программаларды даярдаган журналисттердин өздөрү алып бара баштайт. Программалардагы официалдуу тон жоюлуп, угармандары менен баарлашып, өлкөдө жана чет өлкөлөрдө эмне болуп жаткандыгын баяндаган журналисттердин маегине артыкчылык бериле баштаган.

Ал эми 2-программанын базасында 1997-жылдын 7-майында «XXI кылым радиосу» музыкалык-оюн зоок форматында түзүлүп, уктуруунун көлөмү саат эртең мененки саат 6-00дөөн саат 19га чейин болсо, эми түз эфирде эртең мененки саат 6-00дөн саат 24.00гө эфирге чыга баштаган. 2008-жылдан тартып «XXI кылым» радиосу «Белес» (кийин "Түнкү Белес") деп аталып калган. Кыргыз мамлекеттик радиосу структуралык кайра курууларды жүргүзүү менен заманбап программаларды даярдоого аракет жасаган. Чыгармачылык-өндүрүштүк бирикмелер жоюлуп, "Кабарлар" маалымат радиосу, "Кыргыз радиосу", "Миң кыял" радиосу болуп кайрадан түзүлгөн.

2011-жылы кайрадан структуралык кайра куруулардын натыйжасында "Кабарлар" радиосу өзгөртүлүп, "Биринчи радио" маалыматтык радио аталып калды. "Кыргыз радиосу " – адабият искусство тематикасын камтыган көркөм, публицистикалык ар түрдүү тематикалык, "Миң Кыял FM" - жаштарга багытталган маалыматтык-музыкалык форматтарда уктуруулары эфирге чыгат. Учурда маалымат технологияларынын тездик менен өнүгүшү да радиоуктуруулардын мүмкүнчүлүктөрүн дагы кеңейтти. «Интернеттин пайда болушу менен медианын өнүгүшүнө жаңы жол ачылды» [13, 154-б.]. Салтуу ММК ааламдашкан интернет айдыңында платформалар, социалдык тармактардын таасиринде өнүгүүгө ээ болду.

Ошентип, Кыргыз радиосу өзүнүн алгачкы уктурууларынан тартып өркүндөтүү максатында ар кандай өзгөрүүлөргө, структуралык кайра курууларга дуушар болгон тарыхый этаптарды басып өттү. Кыргызстандагы алгачкы радиоуюм катары өлкөбүз менен тагдырлаш болду, радиожурналистиканын өнүгүшүнө чыйыр салды жана тажрыйба топтоду, бай фонотекалык казынага ээ болду. Ар кандай структуралык өзгөрүүлөргө карабастан, учурда да УТРКнын курамындагы радиоуюмдар салттуу кеңири форматтагы уктурууларын тартуулап келүүдө.

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



**Адабияттар:**

1. Кадыров Т. История развития радиовещания и телевидения в Кыргызской Республике. 07.00.02. Дисс… к.и.н. - Б., 1992.
2. Ободогу жаңырык – Эхо эфира: Очерктер жана эскерүүлөр жыйнагы. / Кыргыз Республикасынын мамлекеттик телерадиокомпаниясы; Түз. Ж.Егембердив – Б., 1991. - 108б.
3. Дуйшекеева А.Т., Тилекеева Н.А. Биринчи радиодогу Улуу Жеңиштин 70 жылдыгына арналган уктуруулар. / Ж. Баласагын ат. КУУнун Жарчысы, №1(105). – 2021. - 115-121-бб.
4. Битюков А. Набатные радиоволны войны. // Кыргыз үнү. Кыргыз Радиосу: Кыргыз радио бирикмесине 80 жыл. / Түз. К.Иманалиев. – Б., 2011. - 252 б.
5. Закон о пятилетнем плане восстановления и развития народного хозяйства СССР на 1946-1950 гг. Электронная библиотека исторических документов http://docs.historyrussia.-org/ru/nodes/246009-zakon-o-pyatiletiem-plane-vosstanovle-niya-i-razvitiya-narodnogo-hozyaystva-sssr-1946-locale
6. КР БМА.Ф.503,Оп.20.Д.2.Л.68.
7. КР БМА Ф. 503 Оп.20 Ед хр. №175 Л.16-18.
8. Указ Президента КР от 21 февраля 1991 года №УП-98 «О создании Государственной телерадиовещательной компании Республики Кыргызстан» http://cbd.minjust.gov.kg/act/-view/ru-ru/48214
9. Постановление Правительства КР от 17 апреля 1992г. №168 «Вопросы Государственного телерадиоагентства при правительстве Республики Кыргызстан». // http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/39207
10. Указ Президента КР от 19 марта 1993года «О создании Государственной телерадиовещательной компании КР». // http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/47515
11. Указ Президента КР от 16 марта 1998 г. УП №74. «Об образовании Государственной телерадиовещательной корпорации КР. // http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/2620
12. Дуйшекеева А.Т. Радиожурналистиканын негиздери. / Окуу китеби. – Б., 2013. - 304б.
13. Дуйшекеева А.Т. Текущие тенденции: развитие интерактивных программ на радио. / Известия вузов Кыргызстана. 2018. №. 3. С. 146-149
14. Капарова Ч.А. К истории кыргызского телевидения. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2018. №.6. С. 172-174.